КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

05-март 2025-жыл № 9 Совет айылы

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Аук айылынын тургуну Калдарова Бактыгул Батырбековнага "Ардактуу атуул" наамын берүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 05.03.2025-жылдагы № 01-17/214 сандуу катындагы Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Аук айылынын тургуну Калдарова Бактыгул Батырбековнага "Ардактуу атуул" наамын берүү максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз V-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагында жашап, кырк жылдан бери мектепте мугалимдик кесипти аркалап, көптөгөн окуучуларга билимин тартуулап, билим уясынан учурган, мектеп жамаатына көрсөткөн көп жылдын ак эмгегин баалап Калдарова Бактыгул Батырбековнага "Ардактуу атуул" наамын берүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана соц.адис Т.Осмонкуловко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

Төрага С.К.Сатаров